Утурлай тосуп чыгып жолумдан,
Учураштың кыса кармап колумдан.
Уяңдыктан оюм сага айта албай,
Уурданып карайм сенин соңундан.
Кайырма:
Сен баарынан өзгөчө сезилдиң,
Сен жалын жүрөктүү сыйкырлап алдын,
Сезимиме сен сыйыртмак салдын.
Капыстан карап алып көзүңдү,
Карегиңден көрүп турдум өзүмдү.
Жоодураган көздөгү сөлөкөт,
Жомоктогу перидей сезилди.